устойчивому будущему. Включение подобных знаний помогает учащимся применять полученные знания на практике, развивать навыки научного подхода, способствует формированию целостного понимания устойчивого использования ресурсов и участию в решении экологических вызовов, которые отвечают целям устойчивого развития.

**Литература:**

1. Ануфриев В.П. Устойчивое развитие. Энергоэффективность. Зеленая экономика: монография. -М.: ИНФРА -М, 2022.
2. Бурова, Т.Е. Безопасность продовольственного сырья и продуктов питания: учебник /Т.Е.Бурова. -СПб: Лань, 2020.
3. Ващалова Т.В. Устойчивое развитие. –М.: Юрайт, 2019.
4. Дудашвили С.Д. Природа Кыргызстана. Учебное пособие по географии. -Бишкек: Раритет, 2000.
5. Концепция зеленой экономики в Кыргызской Республике "Кыргызстан страна зеленой экономики" [Электронный ресурс]. -Бишкек, 2018. - Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/83126.
6. Джунипер Т. Как спасти планету? Наглядные факты о состоянии Земли (перевод с английского А. Филонова, С. Черникова). –М.: Манн, Иванов и Фербер, 2019.
7. Образовательный ресурс «Устойчивое производство продуктов питания». Примеры на тему устойчивого сельского хозяйства http://tinyurl.com/4vdhtz-

DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-60-129-136
УДК: 37

***Бактыбай кызы С.***, *магистрант*
*atai.alihan@gmail.com*
*ORCID: 0009-0004-7785-1126*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# АДЕП-АХЛАКТЫК ТАРБИЯЛООНУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Макалада адеп-ахлактык жактан тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү, үй-бүлөдө ата-эненин баланы адеп-ахлактык жактан тарбиялоосу, алардын инсандык сапаттары, адеп-ахлактык нормаларга: чынчылдык, акыйкаттык, айкөлдүк, жоопкерчилик, абийирдүүлүк, гумандуулук, тартиптүүлүк, улууларды урматоо, кичүүлөрдү ызаттоо, эмгекти сүйүү, патриоттуулук, Ата мекендин негизги белгилерин сыйлоо, мыйзамдарды сактоо, граждандык милдетти так аткаруу, кайрымдуулук ж. б. адамдык баалуулуктарына тарбиялоого калыптандыруу, мектепте жана үй-бүлөдө балдардын адамдык адеп-ахлактык аң-сезимди, этностук баалуулуктарды жана нормаларды түшүнүүсүн жана моралдык мотивдерге тарбиялоонун ролу берилген.*

*Учурда билим берүүдө тарбия баланы социалдаштыруунун, калыптандыруунун окутуудан кийинки экинчи багыты экендиги, жаш муундарды, балдарды коомдук турмушка даярдоодо, турмуштук тажрыйбага ээ кылууда, айрыкча, адеп-ахлактык тарбиянын мааниси зор экени ачыкталган. Адеп-ахлактык тарбиянын таанып-билүү процессинде жөндөмдүүлүккө, баланын инсан катары калыптануусуна, дүйнөгө болгон мамилесине, коомго жана чөйрөсүндөгүлөргө болгон мамилелерине багытталган психологиялык өзгөчөлүктөрү чагылдырылган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *адеп-ахлактык, тарбиялоо, билим-берүү, коом, калыптандыруу, үй-бүлө, пикир алышуу, коллектив, мотив, жүрүш-туруш.*

***Бактыбай кызы С.***, *магистрант*
*atai.alihan@gmail.com*
*ORCID: 0009-0004-7785-1126*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ

*В статье рассматриваются особенности нравственного воспитания, уделяя внимание роли семьи и родителей в формировании нравственных качеств ребёнка. Особо подчёркивается значимость воспитания таких нравственных норм и ценностей, как честность, справедливость, великодушие, ответственность, совесть, гуманность, дисциплинированность, уважение к старшим, почтение к младшим, любовь к труду, патриотизм, уважение к государственным символам, соблюдение законности, выполнение гражданских обязанностей и милосердие. Также подчёркивается важность привития детям этических ценностей и норм, морального сознания и мотивации в рамках школы и семьи. В статье отмечается, что воспитание в современном образовании – это вторая, после обучения, основная функция социализации ребёнка. Нравственное воспитание играет ключевую роль в подготовке детей к общественной жизни и приобретению ими жизненного опыта. Указывается на необходимость систематического влияния на ребёнка через воспитательные меры, направленные на развитие его способностей в процессе познания, формирование личности и её отношения к миру, обществу и окружающим.*

***Ключевые слова***: *нравственность, воспитание, образование, общество, формирование, семья, общение, коллектив, мотивация, поведение.*

***Baktybay kyzy S.***, *master's student*
*atai.alihan@gmail.com*
*ORCID: 0009-0004-7785-1126*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## PSYCHOLOGICAL FEATURES OF MORAL EDUCATION

*This article examines the features of moral education, focusing on the role of the family and parents in shaping a child's moral qualities. The importance of cultivating moral norms and values such as honesty, fairness, magnanimity, responsibility, conscience, humanity, discipline, respect for elders, care for younger ones, love for work, patriotism, respect for national symbols, adherence to law, fulfillment of civic duties, and compassion is particularly emphasized. The significance of instilling ethical values, moral awareness, and motivation in children within the framework of school and family is also highlighted.The article notes that education in modern schooling is the second main function of child socialization, following learning. Moral education plays a crucial role in preparing children for public life and helping them gain life experience. It stresses the need for systematic influence on the child through educational measures aimed at developing their abilities during the learning process, forming their personality, and shaping their relationship with the world, society, and those around them.*

***Key words***: *morality, education, upbringing, society, formation, family, communication, community, motivation, behavior.*

Үй-бүлөдө ата-эне баланы адеп-ахлактык жактан туура тарбиялоого, окуучуларга инсандык сапаттарды берүүгө жана коомдук турмуш-тиричиликке калыптандырууга түздөн-түз милдеттүү деп эсептешкен.

Илимде тарбия баланы социалдаштыруунун экинчи жагы болуп саналат. Демек, тарбия социалдаштыруудагы окутуудан кийинки экинчи багыт болот. Учурда тарбиялоо жаш муундарды, балдарды коомдук турмушка даярдоо, турмуштук тажрыйбага ээ кылуу болуп саналат.

Тарбиялоо системалуу түрдөгү, үзгүлтүксүз жана багытталган тышкы таасирлердин жыйындысы болуп эсептелет. Ал эми окууда көңүл бурулуучу борбор таанып-билүү процессинде жөндөмдүүлүккө, билимге, билгичтикке ээ кылууда болсо, тарбия баланын инсан катары калыптануусуна, дүйнөгө болгон мамилесине, коомго жана чөйрөсүндөгүлөргө болгон мамилелерине багытталат.

Тарбия түшүнүгү өсүп келе жаткан жаш муундарды турмушка даярдоонун бүткүл процессин, анын ичинде билим берүүнү жана окутууну камтыйт. Тарбия – өзүнчө жеке процесс эмес, ал – окуутунун бир жагы, же болбосо бир бөлүгү [2].

Окутуу менен тарбиянын жалпылыктары же болбосо окшоштуктары адамдын социалдык тажрыйбага ээ болуусунун негизги механизмдери болуп саналат. Тарбиялоонун жыйынтыгы болуп инсандын жөндөмдүүлүктөрүнүн жана сапаттарынын, ал эми окутуунун жыйынтыгы болуп ыктарынын жана көндүмдөрүнүн калыптанышы саналат.

Тарбиялоо алгач алдына максат коюудан башталат. Анын негизги максаты – баланын коомдогу жашоосунда керек болгон пайдалуу сапаттарга ээ болуусу менен «инсан катары өнүгүүсү жана калыптануусу», тарбиялоо процессинин жете турган чеги тарбия болуп саналат.

Тарбиялоо процессинин максатын аныктоочу факторлордун негизин мамлекеттин социалдык талабы түзөт. Анткени тарбиялоо процессинин максаты – коомдук байланышты, мамилелерди, байланышты андан ары өркүндөтүүгө өзүнүн салымын кошуучу жаш муундарды калыптандыруу [1]. Тарбиялоонун негизги максаты тарыхый конкреттүү мүнөзгө ээ, адамзаттык коомдун өнүгүшү менен өзгөрөт.

Учурда ар кандай коомдо тарбиялоонун максаты туруктуу жана бирдей эместиги баарыбызга маалым.

Коомдук түзүлүштүн системасы жана социалдык карым-катнаштын өзгөрүшү менен тарбиялоонун максаты да өзгөрөт. Тарбиялоонун жалпы максаты менен бирге атайын социалдык максаты да пайда болот. Коомдук процесстин жаңы тенденцияларына жооп берген атайын тарбиянын максаты – мектеп окуучуларын, башкача айтканда, жаш муундарды демилгелүү, чечкиндүү, жоопкерчиликтүү, чын дилден ийгиликке жетүүгө умтулгуч кылып өстүрүүдө, калыптандырууда негизги таяныч аталат [5].

Ошентип, адеп-ахлактык жактан тарбиялоо прцессинин максаты коомдун өнүгүүсү менен аныкталган коомдук талапты пайда кылып, өндүрүштүк мамилеге, социалдык жана илимий-техникалык прогресстин темпине, педагогикалык теориянын жана практиканын жетишкен денгээлине, ошондой эле окутуу жана тарбиялоо мекемелеринин мүмкүнчүлүгүнө көз каранды болот.

Адеп-ахлактык жактан тарбиялоо – инсандын аныкталган мүнөзүн калыптандырууга багытталган процесс, бул процесстин максаты канчалык так жана тарбиялануучуга ачык, түшүнүктүү болсо, ал ошончолук эффективдүү жүрөт.

Ошондуктан тарбиялоо төмөнкү социалдык психологиялык өзгөчөлүктөрдү түзөт:

- пикир алышуу жана тарбия;
- коллектив жана инсандын өнүгүшү;
- үй-бүлө жана тарбия;
- социалдык далилдөөнүн түзүлүшү жана өзгөрүшү [6].

Пикир алышуу жана тарбиялоодо психологиялык туура тарбия ар бир инсандын өнүгүшүндө пикир алышуунун илимий негиздеринин калыптанышы болуп саналат.

Окумуштуу М. Н. Лисин ар кандай курактагы балдарды тарбиялоонун ролун жана пикир алышуу процессиндеги алардын жөндөмдүүлүктөрүн изилдеген. Изилдөөдө адамдардын пикир алышуусу жана түшүнүүсү бири-бири менен тыгыз байланышта деген жыйынтыкка келген. Бала жаралгандан баштап анын пикир алышуусу айланасындагы адамдардын керектөөсүнө багытталат деген [3].

М. Н. Лисиндин аныктоосу боюнча, пикир алышуудагы керектөө балдарда 2,5 жаштан баштап же жандануу комплексинде даана көрүнөт. Баланын кийинки жашоосундагы пикир алышуусу төмөндөгүдөй багыттарда болот:

1) пикир алышуудагы себептердин өнүгүшү;
2) пикир алышуунун өнүгүү ыкмасы;
3) пикир алышуунун формаларын жакшыртуу [3].

Ошондой эле пикир алышуудагы мотивдердин өнүгүшү баланын инсандык калыптанышы менен паралелль жүрөт.

Ал эми онтогенезде жашоонун биринчи айынан баштап мектепти бүткөнгө чейин жаңы мотивдердин түрлөрү жаралат.

Демек, пикир алышуунун негизги мотивдеринин ар кандай түрлөрү бар:

- органикалык,
- билим берүүчүлүк,
- оюн,
- иш-аракеттик,
- интимдик-инсандык,
- кесиптик.

Мунун ичинен органикалык мотивдер – бөбөк менен чоң адамдардын организмдин керектөөсүн канааттандыруу үчүн пикир алышуусу. Бул мотивдер балдар төрөлгөндөн баштап 2-3 айга чейин байкалат [5].

Андан кийин балдарда билим берүүчүлүк мотивдеги пикир алышуу болот. Башкы этабында балдарда бала чагынан ориентациялык рефлекс же ориентациялык реакциясынын базасында пайда болуп, андан кийин жаңы керектөөлөргө айланат.

Бала жашоосунун 2,5 жашында чон адамдарга тез-тез кайрылат. Чоңдордун жардамы аркасында балдар оюн мотивин өздөштүрө алышат. Оюн мотиви аркылуу балдар кандайдыр бир көрүнүштөрдү, керектөөлөрдү, түшүнүктөрдү, кыймыл-аракеттерди жөнгө сала алышат. Ошондой эле оюн иш-аракет мотивинин булагы болуп саналат.

М. И. Лисиндин ою боюнча, иш-аракет мотивиндеги пикир алышуу балдардын активдүү оюнунда жана жашоо иш-аракетинде пайда болот [4]. Бул мотивдер чондордон жардам алуу мүмкүнчүлүгү менен байланыштуу.

Жогоруда каралган мотивдин группалары мектеп жашына чейинки жана кенже мектеп жашындагы балдарда басымдуулук кылат, оюнду бала өзүндө тарбиялап калыптандырат.

Ал эми интимдик-инсандык мотивдеги пикирлешүү качан гана жөндөмдүүлүк, керектөө, өзүн-өзү таануу пайда болгондо келип чыгат. Бул мотив көбүнчө өспүрүм курактагы балдар менен байланышта болот.

Улан-кыздар курагында келечектеги кесиптери жөнүндө ойлонуудан улам кийинки, кесиптик мотив пайда болгон.

Демек, пикир алышуу баланын кызыгуусун, таануусун, керектөөсүн өнүктүрөт. Башкача айтканда, оюндук пикир алышуунун өнүгүшү социалдык эң керектүү жүрүш-туруш форманы жакшыртууга шарт түзөт. Ишмердүүлүк пикир алышууда инсандык сапаттарды өнүктүрүү, б. а., демилгелүүлүк, укканды билүү, сыйлоо, түшүнүү, туура кабыл алуу жана адамды баалоо жөнгө салынат. Интимдик-инсандык пикир алышууда адамдын инсандык-адептик сапаты, анын абийиринин пайда болушу калыптанат. Кесиптик пикир алышуунун өнүгүшүндө инсандык касиеттердин кээ бир сапаттарынын өзгөчөлүктөрүн көрүүгө болот.

Коллектив менен инсандын өнүгүшү, мында биздин өлкөнүн идеологиясындагы тарбиялоонун системасына «коллективдүүлүк» деген түшүнүк киргизилген [6]. Ошондон бери педагогикалык теорияда өзүнүн маанисин жоготпой сактап келе жатат. Бул түшүнүк көп жылдан бери калыптанып, өнүккөн тезистин негизинде инсан коллективде, коллектив аркылуу гана өнүгөт деген көз караш сакталган. Педагогикалык теорияларда коллектив негизги инструмент деп түшүндүрүлгөн. Негизги максат катары коллективдин жардамы менен инсанды тарбиялоо аныкталган.

Орустун көрүнүктүү педагогу А. С. Макаренко «коллективдин биринчи максаты бизди тарбиялоо болушу керек» деген жыйынтыкка келген, ошондой эле коллектив өзүнүн өнүгүүсүндө үч этапты басып өтөрүн далилдеген [3].

Тарбиялоо коллективдин өнүгүүсүнүн биринчи этабында коллективдин пайда болушуна, анын мүчөлөрүнүн арасындагы жакынкы жана ортоңку мамилелерине негиз болот. Өнүгүүнүн бул этабында негизги ролду педагогикалык талап ойнойт. Коллективдин өнүгүүсүндөгү негизги маселе болуп анын мүчөлөрүнүн жүрүш-туруштарын аныктоо саналат, башкача айтканда, өнүгүүнүн биринчи этабы жалпы максаттын, ишмердүүлүктүн негизинде биригүү, активдүүлүктүн калыптанышы менен аяктайт.

Коллективдин өнүгүүсүнүн экинчи этабында коллективди башкаруу өз алдынча активдүүлүктүн жетекчилиги менен жүргүзүлө баштайт. Коллективдеги жалпы багыт, кызыкчылык жана жалпы баалуулуктар пайда болот. Ошондуктан тарбиялоочу коллектив бир бүтүн система катары жашай баштайт. Өнүгүүнүн бул этабында коллективдин айрым мүчөлөрү менен жалпы коллективдин ортосундагы мамилелердин маселелери пайда болот. Бул учурда коллективдин ичинде кичинекей топтордун түзүлүшү мүмкүн.

Коллективдин өнүгүүсүнүн үчүнчү этабы туруктуу мамилелердин пайда болушу менен мүнөздөлөт. Бул учурда коллектив тарабынан аныкталган талаптар пайда болот. Эгерде коллектив абдан жакшы өнүксө, анда анын ар бир мүчөсү өзүнчө, анын жолдошторуна коюлган талаптан жогору болгон талапты коё баштайт [3]. Коллективди башкаруу жакшы, жогорку деңгээлге коюлат. Демек, тарбия процессинин өнүгүшүндө коллектив менен анын мүчөлөрүнүн, башкача айтканда, инсандардын ортосундагы мамиле чоң роль ойнойт. Инсан дайыма индивидуалдуу, башкача айтканда, башка адамдарга окшобогон көз карандысыз индивид болот. Инсандын калыптанышына коллектив өзүнүн таасирин тийгизет, аларга бирдей талаптарды, аракеттерди коёт. Ошону менен бирге коллектив инсандын өнүгүүсүндө ар кандай оң жана терс таасир

кылууга жөндөмдүү. Ал эми коллективдин өзгөрүүсү саясий, социалдык, экономикалык системанын түзүлүшүнө жараша калыптанат.

Педагогикалык илимий изилдөөлөрдүн негизинде инсан менен коллективдин ортосундагы мамиле үч түрдүү болору аныкталган. Алар: биринчиден, инсан коллективге баш иет, экинчиден, мамилелердин гармониялык абалы, үчүнчүдөн, инсан коллективди башкарат. Ошондуктан инсан менен коллективдин ортосундагы мамиленин биринчи үлгүсүндө инсан толугу менен коллектив кабыл алган салттарга, адаттарга макул болот. Инсан менен коллективдин ортосундагы мамиленин эң жакшы деңгээлде болушу – гармониялык мамиленин пайда болушу. Демек, коллектив дагы, коллективдин ар бир мүчөсү дагы тынымсыз өзгөрүүдө, калыптанууда болот.

Адеп-ахлактык тарбиялоо, негизинен алганда, бардык адамзат топтогон адамдык баалуулуктардын, ошондой эле улуттук нукура каада-салттарынын, үрп-адатынын, традицияларынын алкагында жүргүзүлөт. Адеп-ахлактык нормаларга чынчылдык, акыйкаттык, айкөлдүк, жоопкерчилик, абийирдүүлүк, гумандуулук, тартиптүүлүк, улууларды урматоо, кичүүлөрдү ызаттоо, эмгектенүүнү сүйүү, патриоттуулук, Ата мекендин негизги белгилерин сыйлоо, мыйзамдарды сактоо, граждандык милдетти так аткаруу, кайрымдуулук ж. б. адамдык баалуулуктар кирет. Айрыкча, мектепте, үй-бүлөдө балдарга нукура адамдык адеп-ахлактык аң-сезимди калыптандыруу, адеп-ахлактуулук боюнча идеяны пайда кылуу, этностук баалуулуктарды жана нормаларды түшүнүү, таза моралдык мотивдерди тарбиялоодо мектеп менен үй-бүлө бири-бирин толуктап турат [7]. Демек, үй-бүлөлүк жана мектептеги адеп-ахлактык тарбиянын айкалышы балдардын ар тараптан гармониялуу калыптанышына таасир берери талашсыз.

Инсанды адеп-ахлактыкка тарбиялоодо үй-бүлө негизги ролду ойнойт. Ишеним, коркунуч, тартынчаактык, коопсуздук, бейпилдик, оройлук, чочулоо, жылуулук менен салкын пикир алышуу ж. б. сапаттарды балдар үй-булөдөн үлгү алат. Ошондуктан кыргыз элинде айтылган «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген сөз чындыкка өтө жакын.

Үй-бүлөдө ата-эне менен балдардын ортосундагы мамиле терең жана бекем болот. Алар негизги мамиленин төрт түрүн камтыйт: психофизологиялык, социалдык, маданияттуулук, психологиялык [4].

Психофизиологиялык түрү болуп биологиялык туугандык жана жыныстык мамиле саналат. Ал эми социалдык мамиле ролдордун бөлүнүшүн, үй-бүлөдөгү көз карандылык, мамиле, авторитет, башкаруучулук, баш ийүүчүлүк ж. б. ичине камтыйт [3].

Маданияттуулук болсо үй-бүлө ичиндеги байланыштар, мамилелер, традиция, салт, маданияттын негизинде түзүлгөн улуттук өзгөчөлүктөрдү түзөт. Мында педагогикалык ачыктык, ишеним, бири-бирине кам көрүү, абийирдик жана эмоционалдык жардамдарды камтыйт.

Ал эми адеп-ахлактык тарбияны улуу муундардын үй-бүлөнүн жаш мүчөлөрүн, кенже балдарды, өспүрүм жана жаштарды коомго пайдалуу, ар тараптан өнүккөн, адеп-ахлактык жактан жетилген инсан катары калыптандыруу максатында жүргүзүлгөн иш- аракеттери деп түшүнсөк болот.

Ошентип, адеп-ахлактык тарбиянын негизги максаты болуп ар бир жаш тарбиялануучуда коомдо озүн алып жүрүү маданиятын, курчап турган адамдар менен туура мамилени түзүүнү үйрөнөт. Адеп-ахлактык түшүнүктөрү боюнча билими менен билгичтигин күнүмдүк жашоодо колдоно билүүгө багытталган иш-аракети, алгачкы адептүүлүк журүм-турумдарды айтабыз.

Адамзаттын адам менен карым-катнаштагы пейили, абийири, тартибинин болушу жана анын керектигин баалоо – илгертен калыптанган тушүнүк. Ошондуктан аны тарых жана философия илиминде калыптанган ой-пикирлер менен тыгыз байланыштырып, логикалык негизде кароого болот [5].

Адеп-ахлактык тарбиянын максаты коомдук талаптарга ылайык болгону менен, анын мазмуну жана жолдору ошол үй-бүлөгө мүнөздү болгон айрым белгилер менен чектелет. Башкача айтканда, адеп-ахлактык тарбиянын негизги күчү ошол үй-бүлөгө мүнөздүү болгон инсандык ресурстарга байланыштуу болот. Бир жагынан алганда, бул үй-бүлөнүн тутумунда кимдердин болушу (ата-энесинин, бир тууғандарынын, чоң ата, чоң энесинин ж. б. жакын туугандарынын бар же жок экендигине байланыштуу) болсо, экинчи жагынан, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ден соолугу, билим деңгээли жана кесиптик багыты, коомдо ээлеген орду, жеке кызыкчылыктары жана табити, нарктуулук дарамети, ар нерсеге болгон ынтызарлыгы ж. б. касиеттери менен айырмаланат. Ошол эле мезгилде адеп-ахлактык факторлордун эң негизгиси болуп улуу муундар тарабынан жаштарды тарбиялоо боюнча өз милдетин туура түшүнүүсү жана аны аткара билиши эсептелет.

Адеп-ахлактык тарбиянын мазмуну өзүнүн кеңдиги жана көп кырдуулугу менен өзгөчөлөнөт. Ошондой эле адеп-ахлактык тарбиянын мүнөзү ошол үй-бүлөдөгү калыптанып калган мамилелердин стилдик (авторитардык, демократиялык, либералдык) өзгөчөлүктөрүнө жараша болушу мүмкүн.

Адеп-ахлактык тарбия социалдык далилдөөнүн түзүлүшү жана өзгөрүшү менен байланыштуу болот. Бул аспектиде психологиялык тарбиялоонун түзүлүшү адамдардын социалдык далилдөөсүнүн өзгөрүшүн билдирген үч компонентин айырмаласак болот: билим, эмоция, аракет.

Ал эми баланын социалдык педагогикалык далилдөөсү педагогикалык таасирдин төрт денгээлин камтыйт: баланын тигил же бул суроого көңүл буруусу, анын кызыгуусунун козголушу, жаңы маалыматты көрсөтүү жана ишендирүүсү.

Демек, баланы адеп-ахлактык жактан мындай багытта тарбиялоо жемиштүү болот деген тыянак чыгарсак болот. Балдарды адеп-ахлактык жактан тарбиялоодо эмоционалдык таасир кылууда башкарууну үйрөнүү керектиги сунушталат [5].

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, кээ бир учурда балдарды коркутуу психологиялык тоскоолдук болуп эсептелет, башкача айтканда, бул тарбиячы менен тарбиялануучунун ортосунда пайда болот. Ошондой эле аргументтик ишендирүү социалдык далилдөөнүн өзгөрүшү же көңүл бурууну түзүү жолдору болуп саналат. Эгерде ишендирүү жакшы алынган жыйынтыктардын негизинде түзүлсө, көрсөтүлсө, анда баланы тарбиялоодо ал чоң таасир тийгизет. Натыйжада, тарбиялоону туура, таасирдүү жана жыйынтыктуу жүргүзүүгө болот. Ал эми тарбиялоо процессинин жыйынтыгы болуп ар бир тарбиялануучунун аныкталган сапатын, касиеттерин жана мүнөзүн калыптандыруу эсептелет.

Демек, ар бир баланын ар тараптуу өнүгүшүнө, башкача айтканда, инсан болуп калыптанышына адеп-ахлактык тарбия, анын социалдык психологиялык аспектилери негизги өбөлгөнү түзөрү шексиз.

**Адабияттар:**

1. Андреева, Г. М. Социальная психология [Текст] / Г. М. Андреева. - М., 2000.
2. Бордовская, Н. В. Педагогика [Текст] / Н. В. Бордовская, А. А. Бордовская, А. А. Реан. - СПб: Питер, 2004.

3. Вигман, С. Л. Педагогика в вопросах и ответах [Текст] / С. Л. Вигман. - М., 2004.

4. Выготский, Л. С. Педагогическая психология [Текст] / С. Л. Выготский. - М., 1991.

5. Ковалев, В. С. Психология семейных отношений [Текст] / В. С. Ковалев. - М., 1987.

6. Марщиновская, Т. Д. Программа семейного воспитания «Растим вместе» [Текст] / Т. Д. Марщиновская, Н. А. Масликова, Л. В. Усенко. - М., 2009.

7. Рахимова, М. Р. Социалдык педагогика [Текст] / М. Р. Рахимова, М. А. Абдыкеримов. - Бишкек, 2004.